
# Миллионер баламын



Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Миллионер баламын

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Миллионер баламын" (кыргыз тилинде), автор  Айнагул Базарбаева, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Ата, кантип миллионер болсо болот?

– Балам, миллионер болгуң келип жатабы? Анда бүгүн экөөбүз бир жакка барабыз. Эгер кааласаң, ошол жактан кантип миллионер болууну көрсөтөмүн.

Биз машинеге отурарда:

– Мен да барам! Мени да ала баргылачы! – деген карындашым чуркап келди.

– Мейли, Айгүл деле чогуу барсын, – деди атам.

Кубанган Айгүл тыпылдап чуркап келип, кошо жөнөдү.

Биз айылды аралап, асфальт жол менен бараттык. Бир топ киллометрден кийин таштак жолго чыгып кеттик. Эми сол жагыбызда эки жагы бийик жарлуу сай көрүндү. Атам машинени буруп, түз эле сайды карай айдады. Жарга жакындап эле баратабыз! Коркуп кеттим.

Айгүл да мага коркcondой карап, “Жарга түшүп кетпейбизби?” дегенсиди. Атам болсо бейкапар баратат.

Ух-х! Жардын жапызыраак жеринен кыйгач кеткен жол бар тура. Кызык, кайда баратабыз? Бир бульдозер сай жээгиндеги үйүлгөн топуракты сүрүп жатыптыр. Айгүл экөөбүз кызыгып калдык.

– Булар суу чыгаруу үчүн иштеп жатышат, – деди атам.

Биз эми адыр үстүндөгү жайык жер, айдалган талаага жетип келдик. Талаанын бир жагында катар тигилген бадам, өрүк көчөттөрү гүлдөп туруптур. Шабдаалы гүл ачыптыр. Жаңгактар жашыл жалбырактарын чыгара баштаптыр.





– Бах! Мына, балдарым, ата-бабалардын бизге калтырган жери!


Тигил көчөттөрдү үч жыл мурда отургузганмын. Буюрса, бул жердин баары жапжашыл токой болот. Анда биз булардын мөмөлөрүн терип үлгүрө албай калар бекенбиз, – деди атам трактор айдап жаткан талааны карап.

– Ата, бул жерге кайдан суу келет? Көчөттөрдү кантип өстүрдүңүз? – дедим.

– Тиги көк цистерна челектерди көрүп турасыңарбы? Суу ташыгыч машине менен толтуруп көчөттөрдү сугарып жүрдүм. Эми биз жанагы сайдагы сууну буруп чыгабыз. Карагылачы, канчалаган гектар жерлер жатат, – деди атам.

– Ата, мен бир гектарда 100 сотых жер болорун билем.

– Оо, азаматсың, балам! Бул жерде жалпысы 40 гектардан ашык жер бар. Эми сен мага жардамчы болосуң.



– Мен да келем, – деди Айгүл да сөзгө аралашып.

– Албетте! Баарыбыз чогуу келебиз!

Мен көчөттөрдү кантип сугарабыз деп ойлонуп калдым.

– Сайдагы суу абдан эле аз го? Ошондо 1 гектар жерге канча суу керек?

– Ооба, суу чынында эле аз. Тамчылатма жол менен сугарабыз. 1 гектарга орточо эсеп менен 10 тонна суу керек. Эгер 1 гектар жердибир жылда эки жолу сугарсак, 20 тонна суу керектелет. Биз эмдиги жолу келгенче суу арык менен келип калат, – деди атам.

Көчөттөрдү толук карап чыгып үйгө кайттык.

Атам бир күнү үйгө сүйүнүп кирип келди.

– Арыктарга суу келиптир. Каникулуңар да башталды. Бүгүн даярданып, эртең бакка жөнөйлү, – деди атам.

Биздин багбанчылык ушинтип атам экөөбүздүн макулдашуудан башталды.



Чоң челектерди алып келдик жана аларга мотор менен сайдан чыккан сууну толтурдук. Мына эми тамчылатма сугаруу кандай экенин билесиң, – деди атам.

– А мен аны билемин, – дедим.

– Оо, менин балам чындап эле миллионер болот. Тамчылатма сугарууну кайдан билип алдың?

Интернеттен окуганымды айта баштадым:

– Тамчылатма сугарууда негизги жоон түтүк челектин суу чыгуучу бөлүгүнө уланат. Сууну азайтып, көбөйтүп турса болот. Ал жерде чыпка да тартылган. Ошол жоон түтүк аркылуу ар бир жөөк башындагы желим түтүктөр катар тизмекте болот. Андан бардык жөөктөргө бирдей өлчөмдө суу агып турат. Тамчылатма сугарууну 1959-жылдардан баштап Израил өлкөсүндө иштетиле баштаган.

Эми биз талаага жашылча-жемиш өстүрүүчү күнөскана да курдук. Тоок да бага баштадык.



Атам тооктор дарактарды курт-кумурскалардан тазалап турарын, экинчиден киреше болорун айтты. Мага талаада иштеп жүргөн абдан жакты.

– Ата, бир бадам дарагы канча түшүм берет? – дедим бир күнү кызыга.

Мисалы 1 гектар жерден 400 кг .га чейин бадам алса болот. Азырынча 10 гектардын эле баасын эсептейли. 10 гектардан алган 4000 кг. бадамды 400 сомдон сатканда 1 600 000 сом болот! Мына, балам, миллионер болот деген ушу! – деди атам.


Атамдын айткандарын өз алдынча ойлонуп, кайра эсептеп чыктым.

– Ата, чын эле ушунча акча болот экен, ээ! Мен миллионер болом!

– Ооба, балам, миллионер болуу да оңой эмес. Талбаган ак эмгек, аракет, чыдамкайлык менен максатка жетсе болот.

– Чын эле, ата, карасаңыз, бир кезде бул жер көрксүз ээн талаа эле. Азыр болсо жапжашыл токой болуп, кооз көрүнүп калды.

Биз өзгөрткөн айланага суктана карап турдук.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айнагул Базарбаева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли